КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИ КАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
АЛА-БУКА РАЙОНУ
АЙЫЛ ОКМОТУ
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛА-БУКИНСКИЙ РАЙОН

АЛА-БУКИНСКОГО АЙЫЛНОГО

720700, Ала-Бука айылы, М.Мамырбеков к, №52
тел: (03741) 5-00-13

720700, село Ала-Бука ул. Мамырбекова 52
тел: (03741) 5-00-13

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

"22" 07 2020 ж. Ала-Бука айылы

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Жалал-Абад областындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 07.05.2020-жылдагы №98-Б буйругун аткаруу максатында Ала-Бука айыл өкмөтү буйрук кылат:

1. Ала-Бука айыл өкмөтүнүн аймагындагы мектептерди жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарын 2020-2021 окуу жылына даярдык көрүүдө өрт коопсуздугунун алдын алуу боюнча төмөнкү иш-чаралар аткарылсын:

- өрт өчүрүүчү калкандар тийиштүү шаймандар менен толук камсыздандырылсын. ӨКЭ-381-2018-104;
- электр чубалгылар окуу класстарда, лабораторияларда, коридорлордо ж.б. бөлмөлөрдө эрежеге ылайык тартылсын. ӨКЭ-381-2018-29;
- китепканалардагы жана ашканалардагы электр жарыктары жабык абалга келтирилсин. ӨКЭ-381-2018-29;
- сынган, жарылган жана күйгөн розеткалар, электр өчүргүчтөр толук жаңылануууда жана күйбөөчү материалдарга алмаштырылсын. ӨКЭ-381-2018-29,84;
- өрт учурунда колдонулуучу суу менен камсыздоочу көлмөчөлөр, идиштер жумушчу абалга келтирилсин. ӨКЭ-381-2018-115;
- өрт учурунда куткаруу пландары жаңыланып ар бир кабатка илинсин.ӨКЭ-381-2018-29;
- бардык кызматкерлердин арасында өрт коопсуздугу боюнча инструктаж ар чейрек сайын өткөрүлсүн.ӨКЭ-381-2018-8;
- ремонт учурунда уулуу зат бөлүүчү материалдар мүмкүн болушунча колдонууга жол берилбесин.ӨКЭ-381-2018-37;
- имараттардын чатырларындагы жыгач материалдар өрттөн сактоочу суюктуктар менен сырдалуусу текшерилсин.ӨКЭ-381-2018-35;
- имараттардын чатырларына чыгуучу шатылардын жумушчу абалы текшерилип чыгылсын.ӨКЭ-381-2018-14;

2. Буйрук мектептердин жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын директорлоруна жеткирилсин;

3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ала-Бука айыл өкмөтүнүн ...чысынын орун басары Н.Аскаровго милдеттендирилсин.

С.Койчумбаев.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
АЛА-БУКА РАЙОНУ

АЛА-БУКА
АЙЫЛ ӨКМӨТҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
АЛА-БУКИНСКИЙ РАЙОН

АЛА-БУКИНСКИЙ АЙЫЛ
ОКМОТУ

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

"03" 07 2020-ж. № 252-б

Ала-Бука айылы

## Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясынын 2020-жылдын 2-июнундагы №35 токтомун турмушка ашыруу жөнүндө

Ала-Бука райондук мамлекеттик администрациясынын 2020-жылдын 2-июнундагы №35 токтомун турмушка ашыруу максатында айыл өкмөтү **буйрук кылат:**

1. Электр жылуулук энергиясын керектөөнүн негизсиз өсүшүнө жол бербөөдө жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №25 токтому, райондук мамлекеттик администрациясынын 2020-жылдын 2-июнундагы №35 токтому ишке ашырылсын;
2. Айыл окмөтүнүн аймагындагы мектеп жана балдар бакчаларына 2020-2021-жылга күз-кыш мезгилинде электр жылуулук энергиясын керектөөдө белгиленген лимиттен ашпоо милдеттүү түрдө сакталышы мектеп директорлору жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын жетекчилерине милдеттендирилсин;
3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Н.Аскаровго жүктөлсүн.

**Айыл өкмөтүнүн башчысы** **Койчумбаев С.И.**